Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2022-жылдын 2-февралындагы №99/1 буйругун аткаруу максатында "Englishweek 2022" жумалык ичинде аткарылган иштеринин отчету

Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинде англис тили жумалыгынын жобосуна ылайык иштер туура жана өз убагында жүргүзүлдү. Жумалык ичинде: жумалыктын ачылышы, көргөзмөлүү ачык сабактар, коллаж, видео, ролик, плакаттардын көргөзмөсү , конкурстар жана жумалыктын жабылышы.

14-февралда жумалыктын ачылышы линейка катарында уюшулду. Жумалыкты өтүү программасы менен окуучуларды тааныштырды жана активдүүлүкө чакырды , мотивация берди. "English as a global language of communication" – деген темада видео ролик көрсөтүлдү.

15-февралда англис тили мугалими Керменова Чолпон дубал газеталардын конкурсун өткөрдү. Топик, коллаж түзүп жатышты .Ребус , чайнворд, крассворддор түздүрүлдү.

16- февраль 8-класска "Chuko bones» - деген темадагы техникалык каражаттарды колдонуп ачык сабак өтүлдү. Көрсөтмө куралдар пайдаланылды. Англис тилинде чүкө менен хан ордо оюну ойнолду. Сабакка окуу бөлүм башчысы , мугалимдер катышып өз ой пикирлерин айтышты. Сабак максатына жетти.

17-февраль 6-класска"The turnip" -деген темада окуучулар англис тилинде ролдоштурулган жомок коюшту. Балдар англис тилине кызыгышат, эркин сүйлөй алышат. Берилген тапшырмаларды кызыгуу менен аткарышат.

18-февраль"English is a global language" –деген темадагы жумалыктын жыйынтыгы чыгарылып, грамоталар, кызыктыруучу сыйлыктар берилди.

21-февраль жумалыкты жыйынтыктоо болду.

Окуу бөлүм башчысы: Г.Рысбекова

Англис тили мугалими: Ч.Керменова

Бекитем:
Директор: М.Кудайбергенова

Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинде 12-декабрь «Улуттук адабият күнүнө» жана Улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата түзүлгөн иш чарасы

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | ким аткарат | күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Улуттук адабият күнүнүн» жана Улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата ачылыш. (доклад), (1 ыр,1 бий кошсоңуздар болот) | 1-декабрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими Койчуманова А Эсенбекова Д Китепканачы Турдалиева А | «Улуттук адабият күнүнүн» жана Улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата ачылышы болот, маалымат алышат |
| 2 | Чынгыз Айтматовдун чыгармалары тууралуу жана долбоордун алкагындагы китеп көгөзмөлөрүн уюштуруу | 30-ноябрь | Китепканачы Турдалиева А | Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган китеп көргөзмөлөрүн өткөрүшөт, патриоттуулукка, намыскөйлүккө үйрөнүшөт |
| 3 | "Адабият жана Айтматов"-деген темада «Улуттук адабият күнүнүн» жана Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата тегерек стол өтүү | 2-декабрь | 6-11-класстар Кыргыз тили жана адабияты мугалими Койчуманова А Эсенбекова Д Китепканачы Турдалиева А | Окуучулар намыскөйлүккө тарбияланышат, тегерек столго кызыгышат, суроолорго жооп издешет, талкуулашат. |
| 4 | Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын же китепти даңазалаган сценка, видеолорду көргөзүү | 10-декабрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими Койчуманова А, Эсенбекова Д Класс жетекчилер 6-11-класстар | Чынгыз Айтматовдун чыгармаларына кызыгышат, билишет, чыгармачылык менен аткарышат, даңазалашат |
| 5 | Чынгыз Айтматовдун чыгармалары боюнча сүрөт көргөзмөлөр | 9-декабрь | 6-11-класстар Сүрөт сабагынын мугалими Калпаев Н | Ч.Айтматовдун чыгармаларына кызыгышат, изденишет, ой жүгүртүп, көркөмдөп тартышат |
| 6 | «Улуттук адабият күнүнө» жана Улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата ачык сабактарды өтүү, бурчтарды уюштуруу | 1-13-декабрь | Уюштуруучу Доктурбек уулу Улан Класс жетекчилер 1-11-класс | «Улуттук адабият күнү» жана Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгына кызыгышат, кеңири маалымат алышат |
| 7 | «Китеп куржун» иш-чарасын ата-энелер менен бирдикте өткөрүү | 1-13-декабрь | Китепканачы Турдалиева А Класс жетекчилер 1-11-класс | Окуучулар китептерге жана Ч.Айтматовдун чыгармаларына кызыгышат, ата-энелер менен биргеликте иш алып барышат |
| 8 | Окуучулар арасында көркөм окуу өткөрүү | 3-декабрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими Койчуманова А Эсенбекова Д 6-11-класстар | Ч.Айтматовдун чыгармаларына кызыгышат, көркөм окушат |
| 9 | Айтматовское чтение (*Круглый стол*) | 7-декабрь | Турсунова Кудайбергенова | |
| 10 | «Жылдыздар китеп окушат»-деген темада коомчулуктун өкүлдөрүн тартуу менен китеп окууну даңазалоо | 8-декабрь | Уюштуруучу Доктурбек уулу Улан Китепканачы Турдалиева А | Китеп окууга болгон кызыгуулары артат, шыктанышат |
| 11 | Иш-чаранын жыйынтыгы жабылышы | 13-декабрь | Мектеп админстрациясы, мугалимдер,окуучулар | Иш-чара жыйынтыкталат |

Окуу бөлүм башчысы: Г.Рысбекова

**Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектеби**

# "Адабият жана Айтматов"




*Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган кунунө карата өткьрулгөниш чарасы*

***Мугалим: Койчуманова Алтынчач***

***Эсенбекова Диана***

***2021-2022-окуу жылы***

## Мугалимдин кириш сөзү:

Чыңгыз ага тирек болуп кыргыз калкка,
Чыгармаң түнөк алды ар бир жанда
Дүйнөнү дүңгүрөтүп арабызда
Жашай бер, сен түбөлүк Чыңгыз ата!

Тарыхтын ат жалында эки Чыңгыз
Алардын бири монгол, бири кыргыз
Бирине кулдук уруп, наалат айтып,
Бирине кучак жайып турат турмуш
Кыргындуу кылыч мизин канга бүлөп,
Кылымды титиретсе жоокер Чыңгыз
Достуктун суусун буруп Ысык-Көлгө
Дүйнөнү түгөл тутту камкор Чыңгыз!

Адамзаттын тарыхында жаралган
Кайткыс жайга узап жатат улуу адам
Кыргыз барда өлбөс-өчпөс Чыңгыз бар
Чыңгыз үчүн түбөлүктүү бул аалам!

Саламатсыздарбы, урматтуу мугалимдер жана окуучулар! Ар жылы ушул кунду эскеруу менен кабыл алып, улуу атабыз Ч.Айтматовдун арбагын бир оодарып, таазим этип , эскерип келебиз! Бугун да ошол улуу, алп, залкар инсаныбызды эскерип, окуучуларыбыз жазуучунун чыгармаларынан көрсөтуп беришмекчи.

## __-класс: “Айтматовдун каармандары бүгүн биздин арабызда”

Сахнага колуна таяк таянган, чоң ак жоолукту башына таштап койгонТолгонай кирет. Ал Жер-Эне менен сырдашат. Артынан бардык каармандар кирет.

Толгонай:

- Амансыңбы куттуу таалам? Адам баласынын кайгысына, кубанычына ортоктош болгон касиеттуу, көтөрүмдүүнүн көтөрүмдуусу, чыдамдуунун чыдамдуусу Жер-Эне! Канча мезгил өтту, өмур суудай агып, карыдым, арыдым. Бирок дагы да болсо умут менен жашайм. Адам пендеси келечектен эч качан умут узбөйт тура.

Сенин алдыңа турмуштун тайгак кечуусун кече албаган, тагдырдын оош-кыйышына чыдай албаган каармандарды алып келдим. Мен ошол көчту баштап келдим. Кана замандаштарым, соз силерде.

Ысмайыл:

Коркок болдум, коргободум Мекенди

Эл алдында жузум болду караңгы

Оо, Жер-Эне, замандаштар кечиргин

Качкын ууру, арсыз мендей баланды

Инилерге айтар менин акылым

Журт коргогон асыл инсан болгула!

Качкын, ууру деген атка кабылбай,

Эли-журттун купулуна толгула!

Базарбай:

Оо. Жер-Эне баарына сен кубөсуң

Канчалардын урат мени каргышы

“Ничего не подобно” деп турмушту

Канчаларга шылдың менен карадым

Абийиримди алмаштырып аракка,

Кош Көкжалды зар какшатып ыйлатып

Болтурукту сатып толгон байлыкка

Кыялымда көп акчаны санадым.

Билем, билем,күнөөм менин тоодой көп

Мен сыяктуу болбогула кара өзгөй!

Орозкул:

Пейилимден таптым далай азапты,

Бул ичиклик көп иштерди жасатты

Каргышына калып бугу , маралдын

Көпчулуктун азар бердим дилине

Кол көтөрдум кайберендин пирине.

Айтаар кеңеш келе жаткан муунга

Табияттын каарына эч урунба!

Илияс:

Кечир мени, Жер-Эне!

Таарынуудан тагдыр өзу чечилбейт,

Ойлогондон азыр турмуш башкача,

Жашап өткум келет эми таптаза

Жамийла:

Тепседи кыргыз салтын деп

Далайлар мени жек көрөт

Жашоосун өзу тапты деп

Далайы мени эп көрөт

Кантсе да менин кунөөм бар

Ак нике аттап, жуз ачкан

Жосунсуз жорук баштагам

Данияр менен бир качкам

Данияр:

Данияр:

Кечир бизди адамзаттын энеси

Жаштык кылып, аттаганбыз турмушту

Бар болгону суйуу учун курөштук

Жасабадык кечирилгис кылмышты!

Найман-Эне:

Мен качандыр бир кездс, жуң-жаңдар тынч жаткан элибизди талоонго алып, жан буткөндун баарысы жапа чегип жургөн чагында оз уулунан айрылган шордуу энемин!Канча мезгил өтсө да, өз кулунум оз энесин таанибай , ак жоолугум ай талаага учуп ажалдын огуна туш болдум.

Кулунум, Жоломаным, жалгызым ай,
Не кунгө туш болгонсуң жвлгызым ай

Жур кеттикя. Учкаш мобу Акмаяга

Мен сени өзуң туулган жерге апарам!

Сейде:

Жетим тайлактай бозоруп, ээн тамда эч качан агарып атпаган кабарсыз таңдан умут этип, капкайдагы ойлор менен кармаша берип, чарчадым Ажал менен өмур айкаша келип турганда, "Ажал мен аялмын, мен адаммын.Эми менин кезегим келди. Мекенинен өз жанын артык көргөн, мекен эмне экенин билбеген адамдардан өч алуу убакыт келди. Тотойдун балдары, озумдун балам учун бетме-бет барып, караңгылыктын жолун ачам, мындан башка жол жок!

Жамийла менен Данияр бирге басып келишет:

Жамийла: Балким , силер да бизди кунөөлөп тургандырсыңыр. Адам бул жашоого бир келген соң, өз тагдыры учун курөшуп жашаш керек.Каада-салт деп, ага жан-дуйнөңду курман кылсаң, анда сенин адамдыгың кайсы?

Илияс: Бактылуу суйуум чектелип, армандуу кундөрдун тумарын тагынып, турмуштун Долон ашуусун аша албадым. Аселим... Аселимди жолго таштап, өзум оолак качтым.

Базарбай:

Ничего не подобно. Азыр эмне көп. Тоодо карышкыр көп,чөлдө кыздар көп. Атасынын көрү дунуйө, аларга аңчылыкка гана чыгып, ( отуруп, ичип) ничего не подобно, жыргап гана жашаш керек!

Акбара:

Ар дайым козумө көкурөк кучугум, кичинекей бөлтуругум элестейт. Көргум келет. Бөлтуруктөрумдун балалык, назик уурттарын талбай жыттагым келет. Бирок ал тилегиме жетпей калдым. Ачуума чыдабай, мээнетчил Бостондун Кенжешин ала качканым болду. Анткени адам деген макулуктарга айбан да болсом эне экенимди көрсөткум келди. .

Каармандар баары тизилип,

Бугу-Эне:

“Чыңгыз сага кыргызымды калтырайын,

Чыңгыз сага Ысык-Колду тапшырайын

Элимде кен пейилдик орносун деп,

Маралдарды Ала –Тоого бастырайын”,- деп, бардык каармандар ийилип таазим этип, сахнадан чыгып кетишет.








«МЕНИН ДОСУМ
1-Сентябрь


Адашкан тарыхый дataларды тапкыла?
Б.з 1348-ж
Б.з 1453-ж
Б.з.ч 201-ж
Б.з 814-ж
Б.з 882-ж
Б.з 1299-ж
Б.з 476-ж
Б.з.ч II к
Билим картасы
Билем
Билгим келет
Билдим
Өздүк баалоо
1-апрель
революция
күнү










NEW YORK


ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА САНАРИПТЕШТИРҮҮ ЖЫЛЫ


Арифметика


Логика






Логика


Арифметика

Бекитем

Директор: М.Кудайбергенова

Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин 2022-жылдын 2-февралындагы №99/1 буйругун аткаруу максатында «Англис тили жумалыгын өткөрүү жөнүндө» түзүлгөн иш чаралар

English week 2022

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Англис тили глобалдуу коммуникациянын каражаты» деген темадагы жумалыктын ачылышы | 14 - февраль | Мектеп администрациясы англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Маалымат берилет,өткөрүлө турган иш чаралар менен окуучулар таанышат |
| 2 | «Англис тили жумалыгы»боюнча окуучуларга маалымат берүү (видео ролик) | 14 - февраль | англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Англис тилинен интерактивдик метод менен иш чаралар өтүлөт |
| 3 | Коллаж Топик түздүрүү 5-11-кл (ребус,чайнворд, кроссворд) | 15-февраль | англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Окуучулар коллаж, сүрөт менен иштешет,топтор менен иштешет,сүйлөө речтери жакшырат |
| 4 | Ачык сааттар 5-11-класстар | 16 -18 - февраль | англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Ачык көрсөтмөлүү сааттар өтүлөт. Сахналаштырып жомок коюшат. |
| 5 | The turnip 6-класс | 17-февраль | англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Ачык көрсөтмөлүү сааттар өтүлөт |
| 6 | «Англис тили глобалдуу коммуникациянын каражаты» деген темадагы жумалыкты жыйынтыктоо | 18-февраль | Окуу бөлүмүнүн башчысы Г.Рысбекова англис тили сабагынын мугалими Керменова Чолпон | Жумалык боюнча жыйынтык чыгарылат |

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Рысбекова Г

БЕКИТЕМ:

Окуу бөлүмүнүн башчысы: Г.Рысбекова

## 2022-2023-окуу жылында С.Жусупбаев атындагы орто мектебинин башталгыч класстар арасында жумалыкты өткөрүүнүн жылдык иш планы

Максаты: сабактан сырткаркы учурда окуучулардын өз алдынчалуулугун жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырат

Милдети: өз алдынча иштөөгө,көп изденүүгө үйрөтүү

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Ким жооптуу | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжа | Жетишкендиктердин көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу. Окуучулардын тизмесин тактоо | сентябрь | Круж жетекчи | Окуу куралдар | Окуучулардын тизмесин тактоо | |
| 2 | Математиканы окутууда элдик чыгармачылык менен байланыштыруу | октябрь | Круж жетекчи | сүрөттөр | Сабакка кызыгуулары артылат | |
| 3 | Математикалык табышмактар | ноябрь | Круж жетекчи | сүрөт | Сүрөт менен иштөөгө кызыгышат | |
| 4 | Логикалык суроолор | декабрь | Круж жетекчи | Математикалык суроолор жыйнагы | Таанып билүү жөндөмү кеңейет | |
| 5 | Кроссворддор менен иштөө | январь | Круж жетекчи | Ойлон тап | Баш катырманы так ойлонуп табышат | |
| 6 | Сандуу макал-лакаптар | февраль | Круж жетекчи | Байчечекей, интернет булагы | Сандуу макалдарды билишет | |
| 7 | Стратегиялар менен иштөө | март | Круж жетекчи | Китептер | Логикалык ой жүгүртүүлөрү өсөт Сабактарда колдонушат | |
| 8 | Окуучулардын чеберчилигин жана практика менен теориянын айкалышуусун арттыруу | апрель | Круж жетекчи | Интернет булагы | Маалыматты угушат,турмушта колдоно алышат | |
| 9 | Жыйынтыктоо | май | Круж жетекчи | Китепчелер | Таанып билүү жөндөмү кеңейет | |